# 2025-2026-ОКУУ ЖЫЛЫНДА ВЕНГРИЯНЫН ЖОЖдорунда ОКУУ ҮЧҮН КОНКУРС

Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги "Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги менен Венгриянын тышкы экономикалык байланыштар жана тышкы иштер министрлигинин ортосундагы 2025-2027 - жылдарга Stipendium Hungaricum программасынын алкагында кызматташуу боюнча өз ара түшүнүшүү жөнүндө" Меморандумуна ылайык 2025-2026-окуу жылына Венгриянын жогорку окуу жайларында (мындан ары-ЖОЖ) окууга конкурстук тандоо башталганын жарыялайт.

Жогорудагы меморандумга ылайык, жыл сайын Венгрия өкмөтүнүн Stipendium Hungaricum Scholarship Program стипендиялык программасы Кыргызстандын жарандары үчүн Венгриянын жогорку окуу жайларында венгр же англис тилинде билим алууга гранттарды берет (бакалавриат, бир деңгээлдүү магистрдик программа (бакалавриат+магистратура), магистратура жана докторантура).

**Эскертүү**: Аталган гранттар Венгрия Өкмөтүнүн Stipendium Hungaricum Scholarship Program стипендиялык программасынын чегинде бөлүнөт. Стипендиялык программаны башкаруу Темпус коомдук фонду аркылуу жүргүзүлөт.

**Көңүл буруңуз!**

Конкурстук сыноолорго каттоо жана катышуу акысыз негизде жүргүзүлөт. Документтерди башка агенттиктер аркылуу бербеңиз жана алардын документтерди тапшырып берүү боюнча кызматтарына акы төлөбөңүз. Анткени программа Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги жана Темпус коомдук фондунун түздөн-түз кызматташуусу аркылуу ишке ашырылат.

**Көз карандысыз тандоо комиссиясы жарандардын документтерин төмөнкү критерийлер боюнча кабыл алат:**

- Кыргыз Республикасынын жарандары;
- 2007-жылдын 31-августуна чейин төрөлгөн талапкерлер, башкача айтканда, 2025-жылдын 31-августуна чейин 18 жашка толгондор;
- билдирме жөнөтүп, тиешелүү бөлүктөрдү толтуруп, сүрөтү менен кошо керектүү документтердин баарын кийинки он-лайн системаларында тиркеген кандидаттардын документтери:

- 2025-жылдын 15-январы Борбордук Европа убактысы боюнча саат 14:00 гө чейин "Stipendium Hungaricum Scholarship Program" программасынын он-лайн системасына https://apply.stipendiumhungaricum.hu

- жана 2025-жылдын 15-январы Бишкек убактысы боюнча саат 18:00гө чейин кыргыз тараптын https://bilim.gov.kg сайтында жайгашкан “Чет өлкөдө билим алууга КРнын жарандарынын кабыл алуу порталы” он-лайн системасына тиркелген документтер
- бардык өтүнмөлөр көрсөтүлгөн эки он-лайн системаларда техникалык текшерүүдөн өткөрүүсү зарыл.

**Көңүл буруңуз!**

**Кыргызстандын он-лайн системасына жүктөлө турган документтер PDF форматында, маалымкаттар “Түндүк” тиркеме аркылуу жиберүлүүсү зарыл!!!**

**Кыргызстандын он-лайн системасына жүктөлө турган документтердин тизмеси:**

- Англис жана орус тилдериндеги актуалдуу резюме;
- Билими жөнүндө документ (*Дипломдун көчүрмөсү*. *Эгерде талапкер учурда окуп жаткан болсо – акыркы чейрек/семестрге берилген табель/транскрипт*. СӨЗСҮЗ түрдө мектеп/жож/коож тарабынан орто балл чыгарылышы зарыл);
- 2023-жылдын 1-сентябрынан эрте эмес берилген англис тилинин деңгээлин тастыктаган документ (TOEFL *(IBT, PBT)* же IELTS *(IBT, PBT)*;
- Борбордук Азия Америка Университетинин жана BSC *(British Study Community)* сынамык тестинин жыйынтыктары кабыл алынат. Duolingo жыйынтыктары кабыл алынбайт. Англис тилинин деңгээлин тастыктаган башка документ, сертификат жана аныктамалар кабыл алынбайт;
- Сунуштама кат - кол коюлган жана кол койгон адам тууралуу маалыматтарды камтууга тийиш (аты-жөнү, кызмат орду, байланыш телефондор, электрондук дарек);
- Талапкердин башка жетишкендиктерине берилген сертификат, диплом, грамота, макала, илимий публикацияларынын көчүрмөсү ***(эгер бар болсо);***
- Чет өлкөгө чыгуучу жалпы жарандык паспорттун көчүрмөсү ***(эгер бар болсо);***
- 18 жашка толо элек жана паспорт ала электер – туулгандыгы тууралуу Күбөлүктүн көчүрмөсү;
- 2024-жылдын 1-ноябрынан эрте эмес берилген ВИЧ/СПИДдин жоктугу тууралуу маалымкат (“Түндүк” тиркеме аркылуу);
- 2024-жылдын 1-ноябрынан эрте эмес берилген соттолбогондугу тууралуу маалымкат (“Түндүк” тиркеме аркылуу);

***Эскертүү: Документтерди тиркеп жатканда бардык барактар тиркелгенин жана ал барактарда өкүл тарабынан коюлган кол, ошондой эле күнү, айы, жылы камтылуусуна көңүл буруңуздар!***

**«Stipendium Hungaricum Scholarship Programme»** онлайн-системасына жүктөй турган документтердин тизмеси төмөнкү сайтта жеткиликтүү: https://stipendiumhungaricum.hu

**2024-2025-окуу жылына Кыргызстандын жарандары үчүн төмөнкү багыттар боюнча 200 гранттык орун бар:**

Бакалавр (BA/BSc) жана бир деңгээлдүү магистрдик (OTM) программалары – 130 орун төмөнкү багыттар боюнча: айыл чарба, гуманитардык, социалдык илимдер, компьютердик илимдер жана маалыматтык технологиялар, инженердик илимдер, экономикалык илимдер, медициналык илимдер, педагогикалык илимдер, спорттук илимдер, табигый илимдер, искусство жана көркөм өнөрдүк билим;

Магистратура (MA/MSc) программалары – 50 орун төмөнкү багыттар боюнча: айыл чарба, гуманитардык илимдер, социалдык, компьютердик илимдер жана маалыматтык технологиялар, юридикалык, экономикалык, инженердик илимдер, медицина жана саламаттыкты сактоо, педагогикалык, спорттук, табигый илимдер жана искусство;

Толук докторлук (PhD/DLA) даражасын алуу үчүн каалаган тармакта - 20 орун.

Ар бир денгээлге тапшыра ала турган тизме Темпус коомдук фондунун (www.tpf.hu) жыл сайын кабыл алуу жөнүндөгү кулактандыруусунда илинет.

**Программанын стипендиаттарына төмөнкү шарттар каралган:**

- Акысыз окуу;
- Бакалавриат, магистратура жана бир деңгээлдүү магистрдик программалар үчүн ай сайын 43 700 форинт, докторантура программасынын студенттерине биринчи билим алуу этабы үчүн (4 семестр) – 140 000 форинт жана экинчи билим алуу этабы үчүн (4 семестр) – 180 000 форинт өлчөмүндө стипендия;
- ЖОЖдордун жатаканасы же турак жайды ижарага алуу үчүн ай сайынкы көмөк (40 000 форинтке чейин). Турак жайлардын баасын төмөнкү шилтеме аркылуу көрсө болот https://studyinhungary.hu/living-in-hungary/menu/your-costs-of-living.html
- Венгриянын мыйзамдарына ылайык медициналык камсыздандыруу.

**Көңүл буруңуздар:** Стипендиялык программанын катышуучулары виза алууга байланыштуу чыгымдарды, ошондой эле транспорттук жана башка чыгымдарды өздөрү төлөшү керек.

Биринчи окуу жылда (биринчи эки семестрде) бакалавриат жана бир деңгээлдүү магистрдик, магистирдик программаларында окуган студенттер өз университеттеринде “Венгр тили чет тил катары” предмети боюнча сабактарга катышууга милдеттүү жана экинчи семестрдин аягында ушул сабак боюнча жыйынтыктоочу экзамен тапшырышы зарыл.

**Көңүл буруңуздар!** Докторантура программаларына катышуу эрежелери жана документтерге коюлган талаптар бакалавриат жана магистратура программаларынын эрежелеринен жана талаптарынан бир аз айырмаланып турат.

Бакалавриат, магистратура жана бир деңгээлдүү магистрдик программаларга катышуу шарттары төмөндөгү шилтемеде жеткиликтүү: stipendiumhungaricum.hu/documents/stipendium_hungaricum/Call/BA_MA_OTM_Call_for_Applications.pdf

Докторантура программаларына катышуу шарттары төмөндөгү шилтемеде жеткиликтүү: stipendiumhungaricum.hu/documents/stipendium_hungaricum/Call/PhD_Call_for_Applications.pdf

1. **Талапкерлерди каттоо жана документтерди тапшыруу**

Талапкерлерди каттоо жана документтерди тапшыруу Венгрия тараптан Темпус коомдук фондунун Stipendium Hungaricum программасынын онлайн-системасы https://apply.stipendiumhungaricum.hu аркылуу, ал эми кыргыз тараптан https://bilim.gov.kg сайтында (андан ары “Чет өлкөдө билим алууга КРнын жарандарынын кабыл алуу порталы”) онлайн-системасы аркылуу жүргүзүлөт.

**Талапкерлер төмөнкү кадамдарды аткарышы керек:**

https://apply.stipendiumhungaricum.hu онлайн-системасына катталып, тиешелүү форманы толтуруп, керектелген документтерди **2025-жылдын 15-январына Европа убактысы боюнча саат 14:00гө** чейин жүктөшү керек;

https://bilim.gov.kg онлайн-системасында жайгашкан “Чет өлкөдө билим алууга КРнын жарандарынын кабыл алуу порталы”на катталып, керектелген бардык документтерди **2025-жылдын 15-январына Бишкек убактысы боюнча саат 18:00гө чейин** жүктөшү керек.

**Көңүл буруңуздар!**

**Толук эмес документтерди камтыган өтүнмөлөр, ошондой эле 2007-жылдын 31-августунан кийин төрөлгөн талапкерлердин өтүнмөлөрү автоматтык түрдө четтетилет!**

Stipendium Hungaricum программасы боюнча толук маалымат, анын ичинде документтерге болгон талаптар, өтүнмөлөрдү тапшыруу

мөөнөттөрү, ошондой эле эң көп берилген суроолорго жооптор https://stipendiumhungaricum.hu/ сайтында жайгаштырылган.

### 2. Техникалык текшерүүнү өткөрүү жана сунушталган талапкерлердин тизмесин Венгрия тарапка жөнөтүү

Өтүнмөлөрдү кабыл алуу аяктагандан кийин, бардык берилген өтүнмөлөрдүн талаптарга шайкештиги (жаш курагы жана бардык зарыл документтердин болушу) текшерилет.

Венгр жана кыргыз онлайн-системаларында ийгиликтүү жана өз убагында каттоодон өтүп, программанын талаптарына ылайык бардык талаптарга шайкеш келген талапкерлердин гана документтери көз карандысыз тандоо комиссиясына киргизилет.

Стипендиялык программанын эрежелерине ылайык, алдын ала тандоону кыргыз тарап жүргүзөт.

Алдын ала тандоонун жыйынтыгынын негизинде сунушталган 300 талапкердин жалпы тизмеси түзүлөт жана алардын бардыгы (300 талапкер тең) бирдей даражада стипендия алууга талапкер экендигин эскертебиз.

Негизги жана кошумча тизмеге кирген бардык катышуучулар стипендия алууга бирдей деңгээлде талапкер болушат.

### 3. Венгрия тарабынан сунушталган өтүнмөлөрдү кароо жана стипендия берүү жөнүндө акыркы чечим

Талапкерлер каттоо учурунда тандаган жогорку окуу жайлардын жана программалардын артыкчылыгына (first choice, second choice) ылайык, кыргыз тарап сунуш кылган талапкерлердин документтери Венгриянын жогорку окуу жайларына кароого жөнөтүлөт.

Андан аркы тандоо ар бир университеттин кирүү талаптарына, эрежелерине жана мүмкүнчүлүктөрүнө ылайык жүргүзүлөт. Тандоонун жыйынтыгына ылайык, жождор “Темпус” Коомдук Фондуна (Венгрия) жана талапкерлердин өздөрүнө аларды окууга кабыл алууга даяр экендиги жөнүндө маалымдашат, **бирок талапкерлердин университеттен мындай тастыктаманы алышы стипендия ыйгарууда акыркы чечим эмес.**

**Көңүл буруңуздар!**

**Сунушталган талапкерлерге стипендия берүү же бербөө боюнча акыркы чечимди Венгриядагы жогорку окуу жайларынын тастыктамаларынын негизинде Темпус Коомдук Фондунун Камкорчулар Кеңеши (Венгрия) кабыл алат.**

**Эсиңизде болсун, Венгриянын жогорку окуу жайы сиздин документтеринизди кабыл алган күндө дагы, “Темпус” Коомдук Фондунун (Венгрия) каражаттары чектелгендигине байланыштуу Сизди каржылай албашы мүмкүн.**

Стипендиялык программага катышуу боюнча маалыматты иш күндөрү күн сайын саат 15:00дөн 17:00гө чейин (+996 312) 662198 номерлери аркылуу алсаңыздар болот. Ошондой эле программага катышуу боюнча суроолорду 2024-жылдын 9-декабрынан 2025-жылдын 14-январына чейин stipendium.hungaricumkg@gmail.com электрондук дарегине жөнөтсөңүздөр болот.

**Пайдалуу шилтемелер:**

Программа жөнүндө маалымат: https://stipendiumhungaricum.hu/

Бакалавриат жана магистратура, бир деңгээлдүү магистрдик программаларга катышуу шарттары: stipendiumhungaricum.hu/documents/stipendium_hungaricum/Call/BA_MA_OTM_Call_for_Applications.pdf

Докторантура программаларына катышуу шарттары: stipendiumhungaricum.hu/documents/stipendium_hungaricum/Call/PhD_Call_for_Applications.pdf

Кыргызстандын онлайн каттоо системасы: https://bilim.gov.kg

Венгриянын онлайн каттоо платформасы: https://apply.stipendiumhungaricum.hu

***Эскертүү:* Документтердин бардык талаптарга ылайык тиркелгенине өзгөчө көңүл буруңуздар!**

***Ийгилик каалайбыз!***